COM/EC/REP/001/FINAL

**АЛТЫНЧЫ ЖЫЙЫН**
*27-СЕНТЯБРЬ, 2018-ЖЫЛ, АНКАРА ШААРЫ*

# ТҮРКПА ӨЛКӨЛӨРҮНДӨ ИННОВАЦИЯЛЫК ИШКЕРДИКТИН КЕЛЕЧЕГИ

## I КИРИШҮҮ

1. Дүйнөлүк деңгээлдеги жогорку турбуленттүүлүк шартында ишканалардын, түрдүү тармактардын жана жалпы эле экономиканын атаандаштыкка жарамдуулугу жаңы өнүмдөрдүн, жаңы жумушчу орундарынын жаралышына, инвестициялардын көбөйүшүнө жана экономиканын өсүүсүнүн жалпы деңгээлинин жогорулашына өбөлгө түзө турган инновацияларды активдүү колдонулушуна негизделет.

2. Экономиканын инновациялык түрүнө ыктаган өлкөлөр экономикалык өсүштүн жогорку индекси, илим-билимдин өнүгүшүнүн бийик деңгээли, инновациялык ишканалардын (60-80% жогору) жана инновациялык продукциянын чоң үлүшү, ИДП курамында жогорку технологиялуу тармактардын үлүшүнүн жогорулашы (ИДПда 17-20%), Илимий изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштеп чыгуулардын (ИИТКИ, НИОКР (орусча) бир кыйла каржыланышы ж.б. сыяктуу өзгөчөлүү белгилери менен мүнөздөлөт.

3. Азыркы тапта инновацияларга жана билимге негизделген экономиканын стратегиялык дарамет-күчү барган сайын артып баратат. Мунун себеби, инновацияларды жана өндүрүштүн структуралык дифференциациясын колдонуу баалардын жана валюталык курстардын өзгөрмөлүүлүгүнө көбүрөөк бөгөт кое алган себептүү инновациялык экономика макроэкономикалык туруксуздуктан мурдагыдай көз каранды болбой баратат.

4. ТҮРКПАга кирген өлкөлөрдүн инновациялык экономикасынын калыптануу тенденциясы АКШ жана Батыш мамлекеттериникинен бир аз айырмаланат. Бириккен Королдук, Швейцария, Америка, Финляндия, Швеция – бул өлкөлөр жогорку деңгээлдеги кирешеси менен мүнөздөлүп, эң жогорку рейтингге ээ. ТҮРКПАга кирген мамлекеттер (Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан жана Түркия) бир катар көрсөткүчтөр боюнча лидер болуп саналышат. Мындан тышкары төмөнкүдөй тенденция дагы байкалат: жогорку технологиялуу продукциянын импорту анын экспортунан бир кыйла ашып кетип, технологиялар менен алмашуу натыйжасыз болушуна түрткү берүүдө.

5. ТҮРКПА мамлекеттеринин рыногунда тышкы рынокто иш алпарышкан ири эл аралык компаниялар жана ишканалар инновациялык жогорку активдүүлүккө ээ. Көп учурларда инновациялар бизнес-процесстер жана инновациялык технологияларды жайылтуу иштери менен ажырагыс биримдикте жүрөт. Жаңы товарларды киргизүү, жайылтуу иши компаниялардын инновациялык активдүүлүгүнүн салмактуу үлүшүн түзгөнү менен, бул товарлар көп учурда ошол компаниянын өзү үчүн гана жаңы болуп, глобалдык рынокто жаңылык боло албай калууда.

6. Көрсөткүчтөрдөн улам айта турган болсок, жалпысынан, ТҮРКПА өлкөлөрү инновацияларды колдонуу жаатында чоң дарамет-күчкө ээ, бирок бул үчүн ИИТКИ жаатын бүтүндөй жаңылоо же модернизациялоо; илимий жана инженердик кадрларга, бирдиктүү инновациялык системага болгон суроо-талапты калыптандыруу зарыл. ТҮРКПА өлкөлөрүнүн инновациялык экономикасын жаңылоо жана өнүктүрүү иши бул аянтчанын катышуучуларынын артыкчылыктуу укугу экендигин белгилей кетишибиз керек. Бизнес пайда көрүүнү көздөгөндүктөн, мамлекет анын эл аралык рынокто атаандаш боло алуусуна түрткү бере алуучу тармактарды инновациялык өнүктүрүүгө багыт алуусу керек.

## II. «ТҮРКПА өлкөлөрүндө инновациялык ишкердиктин келечеги» деген темадагы доклад

7. Бүгүнкү тапта дал ушул өнүккөн өлкөлөрдөн жаңы технологиялык чечимдерди натыйжалуу иштеп чыгып, аларды ишмердүүлүктүн ар түрдүү чөйрөлөрүнө жайылтууга негизделген инновациялык экономикага өтүп жаткандыктарын байкоого болот. Учурда арзан, квалификациясы жок жумушчу күчүнө негизделген өндүрүштүн убагы аяктап бара жатат. Башкы ресурс катары адам саналып, ал инновацияларды кабыл алып гана тим болбостон, аларды ишке ашырууга да умтулушу керек болуп баратат.

8. Мындан улам инновациялык ишкердикти калыптандыруунун, өнүктүрүүнүн жана иштетүүнүн шайкеш жолдорун табуу зарылчылыгы жаралды. Анткени өлкөнүн инновациялык потенциалын натыйжалуу ишке ашыруу жана аны андан ары өнүктүрүү үчүн, инновациялык процесстерди башкаруунун иштиктүү механизмин түзүү үчүн жагымдуу шарттар болгондо гана өнүгүүнүн инновациялык жолу менен ишенимдүү кадам таштоого болот.

9. Инновацияларды киргизүүнүн натыйжалуулугу маркетингдин алдыга койгон максаттары менен тыгыз байланышта. Анын үстүнө инновациялык мамилелердин натыйжалуулугу кардарлардын санынан; кардарлар базасынан; байланыштын жыштыгынан; эмоционалдык-психологиялык жана экономикалык-уюштуруучулук карым-катыштардын сапатынан; инновацияга кеткен чыгымдардын жана жыйынтыктардын катышынан, инновацияларды иштеп чыгууга, сатууга жана керектөөгө кеткен чыгымдарды оптималдаштыруудан көз каранды. Инновациялык маркетингди пайдалануунун өзгөчөлүктөрү ишкана иш алпарган тармактан, анын финансылык мүмкүнчүлүктөрүнөн, инновациялык продуктунун керектөөчүлөрүнөн көз каранды экендигин да белгилей кетишибиз керек.

10. Жалпысынан, инновациялык маркетингдин стратегиясы камтылган 6 баскычты бөлүп көрсөтүүгө болот: рыноктун жалпы экономикалык анализи, экономикалык конъюктуранын анализи, рыноктун атайын иликтениши, жаңылыкты сиңирүү системасынын иштелип чыгышы, маркетингдин ыкчам иш-чаралары жана маркетингдин чыгымдары менен кирешелерине баа берүү. Ишкана инновациялык маркетингди натыйжалуу пайдаланышы үчүн мүмкүнчүлүктөрү жана ресурстары болушу керек. Ал ресурстарга интеллектилик, финансылык, материалдык, кадрдык ресурстар кирет. Ошондой болсо да инновацияга болгон суроо-талап, маркетинг

инструменттери жана макро чөйрөнүн ишкананын ал-абалына тийгизген илимий-технологиялык таасири жандандыруучу фактор болуп саналышат.

## Азербайжан Республикасындагы инновациялык ишкердик

11. Учурда Азербайжанда инновациялык потенциалды өнүктүрүү, кадрдык потенциалды жакшыртуу, ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлүп жатат. 2014-жылдын февраль айында Азербайжан Республикасынын Президенти тарабынан 2014-2018-жылдарга карата аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программа кабыл алынып, ал «Азербайжан -2020: келечекке саресеп» аталышындагы Өнүгүү концепциясына негизделген. Азербайжан келечекте илимий инфраструктураны өнүктүрүүнү, илимдин материалдык-техникалык базасын жаңылоону жана бул жааттагы маалыматтык камсыздоо тутумун электрондук формага өткөрүү үчүн шарттарды түзүп берүүнү мерчемдөөдө. Азербайжанда инновациялык экономиканы түзүү максатында илим менен өндүрүштүн ортосундагы байланыш чыңалып, прикладдык илимий иликтөөлөрдү рыноктун талаптарына ылайык жүргүзүү үчүн керектүү механизмдер түзүлөт. Инновациялык ишкердикти өнүктүрүү жана ишмердүүлүк менен продукциянын жаңы түрлөрүн чыгаруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүдөн тышкары трансфер жана алдыңкы технологияларды өздөштүрүү боюнча чараларды чыңоо, илимий иликтениши каржыны талап кылган продукцияларды жана технологияларды иштеп чыгуу жана колдонуу үчүн технопарктарды жана инновациялык аймактарды түзүү да каралган.

12. Учурда тийиштүү **укуктук-ченемдик базаны** даярдоо боюнча иштер уланууда жана Маалыматтык технологияларды өнүктүрүү мамлекеттик фонду да түзүлгөн. Фонд Азербайжан Республикасынын Президентинин №2095 Жарлыгы менен 2012-жылдын 15-мартында түзүлгөн. Венчурдук каржылоо («инновациялык кичи юридикалык жактардын» ишмердүүлүгү үчүн салына турган узак мөөнөттүү жана тобокелге салынган инвестициялар), ошондой эле конкурс жолу менен тандала турган start up түрүндөгү долбоорлорду каржылоо укугуна ээ болгон. 2015-жылдын 1-октябрына карата маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жаатында 169 долбоорго каржылык колдоо көрсөтүлгөн.

13. **Инновациялык өнүгүүнү колдоо инфраструктурасы.** Азербайжанда өнөр жай тармактарын аймактык бөлүштүрүүдө туура келбей калган жактары

көп. Өлкөдө өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын 60%га жакыны, негизги өндүрүш фонддорунун 57% Апшерон экономикалык аймагына топтолуп калышкан. Өлкөнү социалдык-экономикалык жактан бирдей калыпта өнүктүрүү максатында ал шарттуу түрдө экономикалык райондорго бөлүштүрүлгөн: Апшерон, Аран, Тоолуу Ширван, Ганджа-Газах, Губа-Хачмаз, Нахичеван, Кельбаджар-Лачин, Щеки-Закаталин, Жогорку Карабах. Азебайжан Республикасынын Өкмөтү ар кандай профилдеги технологиялык парктарды, бизнес-инкубаторлорду жана «өнөр жай кварталдарын» түзүү жолу менен өндүрүштүк кубаттуулукту топтоонун принципиалдуу түрдө жаңы механизмдерин колдонууда. Технопарктар биринчи кезекте салыштырмалуу ири завод-фабрикаларды бир жерге жайгаштырууга арналып, продукциясын тышкы рынокторго да чыгаруу үчүн эсептелген массалык өндүрүштү кулач жайдырууга багыт алган. Бүгүнкү күндө Сумгаит жана Балахан технопарктары, ошондой эле Жогорку технологиялар паркы да ишке киргизилген. Азербайжандын мындан аркы динамикалуу өнүгүшү табигый – экономикалык ресурстарга таянган жана дүң кошумча нарктын чоң көлөмүн түзүүчү өнөр жай участокторун калыптандыруу ишин тездетүүнү караштырат. Гянджа, Мингячевир шаарларында жана Баку шаарынын Гарадаг районунда заманбап өнөр жай парктарын түзүү иштери уланып жатат.

## 14. Инновациялык чөйрөнү өнүктүрүүгө арналган программалар жана иш-чаралар

Азербайжандык бизнес-инкубаторлордун негизги милдети ИКТ секторун жана илимий изилдениши чоң каржыны талап кылган (наукоемкий) аз сериялуу өндүрүштү өнүктүрүүгө арналган бизнес-идеяларды иштеп чыгуу жана жайылтуу, ошондой эле инновациялык кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө, илимий изилдөөлөрдө, айыл чарбасында, өнөр жайда, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө ж.б. ишкердик демилгелерди өнүктүрүү болуп саналат. Алгачкы бизнес-инкубатор 2014-жылдын сентябрь айында Губа-Хачмаз экономикалык районунда түзүлгөн, экинчиси Аран экономикалык районунда ачылат, ал эми үчүнчүсү өз ишмердигин эки жылдан кийин Сумгаит химиялык өнөр жай паркында баштап, негизинен өнөр жай секторуна багытталат. Бизнес-инкубаторлорду түзүү жана иштетүү Азербайжан Республикасынын Экономика министрлигининин жаштарды инновациялык бизнес чөйрөгө тартуу жана колдоо боюнча 2013-жылы даярдалган долбоорго түздөн-түз байланган. Акыркы 12 жылда өлкөдөгү 3 миңден ашык жаш ишкерди колдоо үчүн болжол менен 340 миң АКШ доллары бөлүнгөн. Бизнес-инкубаторлордун түзүлүүсү

менен аймактарда калктын жумуш менен камсыз болуусу өсөт, бизнестин инновациялык жана келечектүү багыттары өнүгөт, аймактык бизнес-пландардын жана инвестициялык долбоорлордун түзүлүшү үчүн аянтча болуп берет деп күтүлүүдө. Азербайжанда өндүрүш процессин уюштурууда инфраструктуралык чыгымдарды азайтуу, кооперативдик байланыштарды бекемдөө, кичи жана орто ишкердикти өнүктүрүү жана башка маселелерди чечүүдө чоң мааниге ээ болгон өнөр жай кварталдарын түзүү иштери улантылып жатат. Чечүүчү бизнес-ассоциацияларды, өнүктүрүү институттарын, венчурдук фонддорду, инновациялык компанияларды камтыган Азербайжан Сумгаит технопаркы (СТП) 2009-жылдын 24-декабрында ачылган. СТПнын жалпы аянты 250 га түзүп, мындан ары да анын аянтын кеңейтүү мерчемделүүдө.

15. **Инновациялык ишмердүүлүктү мамлекеттик каржылоонун булактары, көлөмү жана механизмдери.** Бардык заводдордо AZS ISO/ISEC 17025-2009 стандарты боюнча аккредиттелген, Европада өндүрүлгөн жаңы лабораториялар курулган. Чыгарылуучу продукция шайкештик сертификатына ээ, ошондой эле ISO 9001 жана OHSAS 18001 эл аралык стандарттары киргизилген. Жогорку технологиялар паркы (ЖТП) 2012-жылы 5-ноябрда Азербайжан Республикасынын Президентинин №736 Указы менен түзүлгөн. Азербайжандын мыйзамдарына ылайык ЖТП кошумча нарк салыгынын (КНС) төмөнкү түрлөрүнөн бошотулат: киреше салыгынан, жер салыгынан, мүлк салыгынан. Мындан сырткары, ЖТПнын илимий-изилдөө долбоорлорунда керектеле турган импорттолуучу жабдуулар да КНСтен бошотулат. ЖТП өз ишмердүүлүгүн төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүүчү компанияларды колдоого алат: интернет-бизнес, космос жана телекоммуникация, мобилдик түзүлүштөр үчүн программалык камсыздоо, биотехнологиялар, медицина үчүн программалык камсыздоо, графикалык анимациялар, LED –технологиялар, робототехника жана механика, энергияны үнөмдөө системалары, альтернативдүү азык булактары. 2014-жылдын февралынан тартып ЖТП Илимий парктардын бүткүл дүйнөлүк ассоциациясына, инновациялык борборлорго жана башка инновациялык түзүмдөргө мүчө болуп саналат.

Балахан өнөр жай паркы. Балахан өнөр жай паркынын курулушу 2012-жылдын декабрында башталган. Практы түзүүдөгү негизги максат - өлкөдө жогорку технологиялардын негизинде атаандаштыкка жөндөмдүү өнөр жай продукциясынын өндүрүшүн кеңейтүү, мунайзаттык эмес секторду туруктуу

өнүктүрүү, калктын өндүрүштө жумуш менен камсыз болуусун жогорулатуу, ошондой эле Бакунун жана анын чеке-белиндеги айылдардын экологиялык абалын жакшыртуу. Өндүрүш паркында пластик буюмдарын, дөңгөлөктөрдү, электрдик жана электрондук приборлорду, аккумуляторлорду, түстүү металлдарды, кабелди жана башка тиричилик таштандыларын кайрадан экинчи ирет иштетүү каралган. Парктын транспорт түйүнүнө жакын жайгашкандыгы экинчи жолу кайра иштетилүүчү продукцияны же болбосо өндүрүлгөн продукцияны базарга оңой жеткирүүгө шарт түзөт. Парктын резидент компаниялары киреше салыгынын төрт түрүнөн, жер жана мүлк салыктарынан, жабдуулардын жана технологиялардын КНСинен жети жылга бошотулган.

16. **Айрым технологиялык багыттардын өнүгүүсүнүн учурдагы абалы.** Азербайжан Улуттук илимдер академиясынын илимий инновациялар борбору. 2008-жылдын 22-августунда Азербайжан Республикасынын Министрлер кабинетинин № 197 токтому менен АУИАнын (НАНА) Илимий изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштеп чыгууларды, корголгон диссертацияларды мамлекеттик каттоо борбору (МКБ) Илимий инновациялар борбору (ИИБ) деп кайра аталган. ИИБдин ишинин максаты болуп илимий изилдөө иштерин талдоо, илимий каржылоону талап кылган тармактардын өнүгүшү менен алдыңкы технологияларды жана инновацияларды топтоо, маалыматтык базаны түзүү саналат. Азербайжан техникалык университетинин алдындагы Долбоорлорду жана инновацияларды башкаруу борбору Долбоорлорду башкаруучу эл аралык ассоциациянын азербайжан бөлүмү менен биргеликте 2014-жылдын 1-ноябрында түзүлгөн. Долбоорлорду жана инновацияларды башкаруу борборун түзүүдөгү негизги максат Азербайжан Республикасындагы долбоорлорду башкаруунун эл аралык стандарттарын жана методологияларын киргизүү болуп саналат. Сумгаит химия өнөр жай паркы (СХӨЖП) Азербайжан Республикасынын Президентинин № 548 Жарлыгы менен 2011-жылдын 21-декабрында түзүлгөн. СХӨЖПнын өнөр жай зонасы полимерлер химиясы, курулуш химясы, автомобиль өнөр жай химиясы, айыл чарба химиясы, тиричилик химиясы жана медициналык химия кластерлерине бөлүштүрүлгөн. АИК ишмердигинин максаты Азербайжан экономикасынын мунайзаттык эмес секторун өнүктүрүүнү колдоо болуп саналат. АИКтин инвестиция салуучу негизги багыттары катары айыл чарбасы, өнөр жай өндүрүшү, альтернативдүү энергетика, ИКТ сектору ж.б. аныкталган. Инновациялар жана жогорку технологиялар жаатында өтүүчү эл аралык иш-чаралардын тизмеси: 2017-ж.

1-2-июнда CASPIAN OIL & GAS 2017 24-Эл аралык көргөзмө жана «Каспий мунайы жана газы» конференциясы; 2017-ж. 31-май – 3-июнда CASPIAN POWER 2017 «Энергетика жана альтернативдүү энергия» аталышынагы 7-эл аралык Каспий көргөзмөсү; 2017-ж. 18-21-октябрда CTE 2017 «Каспий: айлана-чөйрөгө арналган технологиялар» аталышындагы курчап турган чөйрөнү коргоо жаатындагы 8-Эл аралык көргөзмө; 2017-ж. 5-8-декабрда BAKUTEL 2017 23- Азербайжан эл аралык көргөзмөсү жана «Телекоммуникациялар жана маалыматтык технологиялар» аталышындагы конференция.

## Казакстан Республикасындагы инновациялык ишкердик

17. Казакстандагы инновациялык системанын мындан аркы өнүгүшүнүн жалпы жол-жоболорун аныктай турган ченемдик-укуктук база. Концепция Казакстан Республикасынын Президентинин № 579 Жарлыгы менен 2013-жылдын 4-июнунда бекитилген. Концепция Чет элдик инвесторлор кеңешинин 2013-жылдын 22-майында өткөн 26-пленардык отурумунун алкагында Президент тарабынан берилген тапшырманы эске алуу менен кайра иштелген жана бекитилген. Концепциянын негизинде негизги жыйынтыктар чыгарылып, Казакстандагы инновациянын өнүгүүсүнүн болжолдуу үч сценарийин сунуштайт. Концепциянын жалпы идеясы – флагмандык долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу инновациялык жеке демилгелерди өнүктүрүүгө өтүү. Концепцияда 21 максаттуу көрсөткүч каралган:

- 2015-жылга чейин инновациялык активдүүлүктү 20%, 2020-ж. чейин 50% жеткирүү;

- инновациялык продукциянын ИДП үлүшү - 2020-ж. карата 2,5%;

- ИИТКИге (НИОКР) жумшалган чыгымдар – 2020-ж. карата ИДПнын 2%.

Концепциянын ишинин башкы жыйынтыгы катары жогорку технологиялуу продукциялар (технологиялык татаалдыктын 5-6-деңгээлиндеги) төрт эсе өсүшү керек.

18. **Инновациялык өнүгүүгө көмөк көрсөтүүчү инфраструктура**

Ишкердикти колдоо жана өнүктүрүү инфраструктурасы дегенде ишкердикти баштоого, иштетүүгө жана өнүктүрүүгө жагымдуу шарттарды түзүп бере турган уюштуруу иштеринин комплексин түшүнөбүз. Казакстан Республикасында буларга төмөндөгүлөр кирет: мамлекеттик уюмдар жана

мамлекеттин демилгеси менен түзүлгөн уюмдар, бейөкмөт уюмдар, эл аралык жана чет өлкөлүк уюмдар, коммерциялык уюмдар. Функционалдык иш багытына жараша инфраструктура институттарынын түзүмү төмөндөгүдөй болот: мамлекеттик колдоо жана калыптануу этаптарында көмөктөшүү; бизнестин иштеши жана өнүгүшү; финансылык колдоо; маалыматтык-аналитикалык колдоо, ишкердин ишмердүүлүгүн билим берүү жана адистигин жогорулатуу жааттарында колдоо; материалдык–техникалык колдоо. Казакстан Республикасындагы ишкердик инфраструктурасын колдоо жана өнүктүрүү институттарынын айрымдарын санап өтөлү: «Даму» ишкердикти өнүктүрүү фонду» АК, «Казакстан өнүктүрүү банкы» АК, «Казакстан инвестициялык фонду» АК, «Улуттук инновациялык фонд» АК, «Инжиниринг жана технологиялардын трансфертинин борбору» АК, «Маркетингдик-аналитикалык иликтөөлөр борбору» АК. Бул институттардын бардыгынын милдети кошумча наркы жогору болгон өндүрүштөрдү түзүү жана учурда иштеп жаткандарын өнүктүрүү үчүн инвестиция салуу саясатын жүргүзүү, ошондой эле илимий-техникалык изилдөөлөрдү жана иштелмелерди колдоо болуп саналат [2].

Ишкердиктин телчигүү жана өнүгүү баскычтарында ага материалдык-техникалык колдоо көрсөтө тургандар: бизнес-инкубаторлор, технопарктар, өнөр жай зонасы, лизинг жана факторинг компаниялары, франчайзинг ж.б.

19. **Инновациялык чөйрөнү өнүктүрүү боюнча программалар жана иш-чаралар**

Инфраструктуранын деңгээлинин жогорулап жатышынын бирден-бир көрүнүшү болуп өлкөнүн кластерлеринин өнүгүү маселесин иликтөө саналат. Кластерлер ресурстук потенциалды натыйжалуу пайдаланууга көмөктөшөт, кичи жана орто ишканалардын өсүшүнө өбөлгө түзөт. Жаңы рынокторго чыгууну шарттайт. Инфраструктура объектилерин, кампа жайларын, эмгек ресурстарын, логистикалык кызматтарды, илимий жетишкендиктерди биргелешип колдонуу, ошондой эле чийки зат ресурстарын жана продукциянын өндүрүшүн комплекстүү пландоо, аларды өз убагында ишке ашыруу системалуу аракеттерден улам чыгымдарды азайтууга мүмкүнчүлүк берет. Казакстан Республикасында технопарктар тармагын калыптандыруу концепциясы чет өлкөлөрдөгү (АКШ, Кытай, Германия) инновациялык инфраструктуранын калыптануу тажрыйбасын эске алуу менен ишке ашат. Технопарктар көбүнчө илимий-техникалык жогорку күч-дараметке ээ болгон илимий жана өнөр жай уюмдарынын тармактары бар шаарларда ички

рыноктун кызыкчылыгын көздөп түзүлөт. Муну менен биргеликте алар так тематикалык, тармактык жана аймактык негиздерге багыт алат. Мисалы: Чыгыш Казакстан облусунун Курчатов шаарындагы «Өзөктүк технологиялар паркы», Батыш Казакстан облусундагы «Алгоритм» технопаркы» ЖЧШ (мунай-химиялык тармак), Уральск шаарындагы «Машина куруудагы ИТ» технопаркы ж.б. [3].

20. **Инновациялык ишмердүүлүктү мамлекеттик каржылоонун булактары, көлөмдөрү жана механизмдери**

Учурда ата мекендик иш тажрыйбада ИИТКИни (НИОКР) каржылоодо пайдаланылуучу негизги булактар катары бюджеттик каражаттар, ишканалардын өз каражаттары, тапшырык берүүчүлөрдүн каржылык ресурстары жана чет элдик инвесторлордун каражаттары саналат. Казакстан Республикасынын Статистика агенттигинин маалыматы боюнча, 2007-жылы ИИТКИге кеткен чыгымдардын салыштырма көлөмү ИДП 0, 26% түзүп, бул 2003-жылга салыштырмалуу 2,2 эсеге көп болду. ИИТКИге чыгымдалган каражаттарды структуралар боюнча бөлүштүрө келсек, 2007-жылы бюджеттик каражаттар 13,6 млрд тенге же 50,9% түзүп, анын 4,8 млрд тенгеси же 18,0% ишканалардын өз каражатынан, 7,8 млрд тенгеси же 28,9% заказ берүүчүлөрдүн каражатынан, 0,45 млрд тенгеси же 1,6% чет элдик инвестициялардын эсебинен жумшалган. ИИТКИ жаатындагы келечектүү илимий иштелмелерди өндүрүш процессине чейин жеткире каржылоо үчүн гранттар жана жеке сектор менен биргеликте каржылоо ыкмасы колдонулат. Грант алууга коюлуучу негизги талаптар: идеялардын инновациялуулугу жана коммерциялуулугу. Каражат юридикалык жактарга ТКИнин (тажрыйбалык–конструктордук иштеп чыгуулардын) натыйжаларына мүлктүк үлүштүк укуктары бар болгон шартта берилет. Өнүктүрүү институттарынын иш-аракеттерин координациялоо үчүн «Казына» туруктуу өнүктүрүү фонду» АК түзүлгөн. Бул түзүм координациялоочу функциясынан тышкары казак экономикасынын «өнүгүү чекити» болгон тармактарда иш алпарган трансулуттук корпорациялардын акциялар пакетин чет жерлерден сатып алуу үчүн мамлекеттик каражаттарды топтоо милдетин да аткарат. Учурда венчурдук фонддор инновациялык ишмердүүлүктү каржылоонун маанилүү булагы болууда. Ошондуктан венчурдук фонддорду түзүү милдети мамлекеттик финансылык өнүктүрүү институту болгон «Улуттук инновациялык фонд» (УИФ) АКга жүктөлгөн. Муну менен катар УИФтин түзүлүп жаткан венчурдук фонддогу уставдык капиталынын үлүшү 49%

ашпашы керек. Каржылоо инновациялык долбоорлорду ишке ашыруучу компаниялардын акцияларын же ага катышуу үлүшүн сатып алуу жолу менен ишке ашат. Фонддун каражаттарын инвестиция катары салууда бирин бири толуктоочу технологияларга, ошондой эле бир өндүрүштүк циклдин ар кыл баскычтарында турган же окшош продукцияны чыгаруучу компанияларга артыкчылык берилет. Бүгүнкү күндө Казакстанда 11 венчурдук фонд, анын ичинде 6 ата мекендик, 5 чет өлкөлүк венчур фонддору иштеп, 2 жылга созулган пролонгация укугун пайдалануу менен өз ишмердүүлүктөрүн 7 жыл бою жүргүзүшөт. Азыркы тапта алар жаңы материалдарды чыгаруу, маалыматтык технологиялар, жарым өткөргүчтөрдү өндүрүү, биотехнология, фармакология сыяктуу тармактарга жалпы суммасы 25 млн доллар жумшап, 14 долбоорду каржылашты.

21. **Айрым технологиялык багыттардын өнүгүүсүнүн учурдагы абалы**

Казакстандагы ишканалардын инновациялык ишмердүүлүгүнүн төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү бөлүп көрсөтүлгөн: иштетүүчү өнөр жай тармактарындагы инновацияга кеткен чыгымдардын концентрациясы (78%); Казакстандын корпоративдик секторунун өзөгүн түзүүчү ири ишканалардын инновациялык активдүүлүгүнүн жогорку деңгээли; процесстик инновацияларга кеткен чыгымдардын негизги үлүшү 91%, бул, демек, ишканалар продуктулук эмес, технологиялык процесстерди өркүндөтүүгө жана технологиялык диверсификацияга багыт алгандыгын билдирет, мындай көрүнүш чет өлкөлүк технологиялардын трансфертинен өтө көз каранды болушу жана R&D&I ички булактарынын алсыздыгы менен шартталган; казакстандык ишканалардын, чыгымдаган каражатынын көлөмү боюнча да, бул тажрыйбанын жайылгандыгы боюнча да, инновациялык ишмердүүлүгүнүн негизги түрү болуп жабдууларды жана материалдарды сатып алуу жолу менен жаңы технологияларды киргизүү саналып келет (52%). Корпоративдик сектордун абалына анализ жүргүзүлгөн. Казакстандын ири ишканаларында корпоративдик ИИТКИни жана инновацияларды уюштуруу формалары караштырылган. «Казатомпром» НАК АК R&D&I, КазМунайГаз НК АК, «Арселор Миттал Темиртау» АК, «КЕГОК» АК корпоративдик системаларынын салыштырмалуу анализи жүргүзүлүп, булардын кемчиликтери жана артыкчылыктары белгиленген. Корпоративдик ИИТКИге жумшалган чыгымдардын деңгээли жана динамикасы төмөн экендиги белгиленген. Казаксатн Республикасынын кичи жана орто бизнесине инвестициялык капитал тартуунун стратегиясы ишкердикти

диверсификациялоо үчүн институттук шарттарды түзүүгө, анын профилдүүлүгүн кеңейтүүгө, жаңы тармактарды өнүктүрүүгө, кичи ишканалардын активдерин көбөйтүүгө, илимий изилденишине каржыны талап кылып, экспортту, тышкы рынокту көздөгөн өндүрүштүү түзүүгө багытталган. Ошондой болсо да кичи жана орто ишкердикке рынок мамилелеринин шартында инвестиция салуунун жолдоруна карата бирдиктүү көз караш алиге чейин жок. Инновациялардын алкагында инкубаторлор, технопарктар, инновациялык жана технологиялык борборлор, изилдөө институттары, маалымат системалары, технологиялардын трансферт борборлору өз ара аракеттенишүүдө.

**Кыргыз Республикасындагы инновациялык ишкердик**

22. Кыргыз Республикасынын трансформацияланууучу рынок экономикасында инновациялык ишкердик коммерциялык принциптердин негизинде курулган кичи инновациялык ишканалардын тармактарын түзүүдө көрүндү. Кыргыз Республикасындагы инвестициялык-инновациялык ишмердүүлүктүн учурдагы абалын Улуттук инновациялык системанын (УИС) калыптануу стадиясы катары мүнөздөөгө болот.

23. УИСтин ченемдик-укуктук негизи Кыргыз Республикасынын мамлекеттик инновациялык саясат концепциясына ылайык калыптанууда. Ишканалардын жана уюмдардын инновациялык ишмердүүлүктөрүн колдоонун алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №28 токтому менен 2003-жылдын 27-январында Мамлекеттик инновациялык фонд түзүлгөн, ошону менен бирге эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 79 токтому менен 2017-жылдын 8-февралында 2022-жылга чейин бир катар документтерди жана инновациялык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу Илимий-инновациялык өнүктүрүү концепциясы кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын 2022-жылга чейинки мезгилге карата илимий-инновациялык концепциясы (мындан ары Концепция) Кыргыз Республикасынын улуттук инновациялык системасынын (УИС) келечектеги ишин көрсөтөт жана өлкөнү өнүктүрүүнүн принциптери, негиздери жана артыкчылыктарын аныктайт. Бул концепция Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдар аралыгындагы мезгилге карата Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын (ТӨУС) негизинде иштелип чыккан. Концепция Кыргызстандын алдында турган мамлекеттик инновациялык саясаттын артыкчылыктары менен инструменттери жана максаттары так коюлган системасынын курулушу аркылуу инновациялык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү чакырыктарга жооп берүүгө

арналган. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2017-жылы Кыргыз Республикасынын 2018-2040 жылдарга карата “Таза коом – Жаңы доор” туруктуу өнүктүрүү стратегиясын бекиткен. Ошондой эле 2018-жылдын 20-апрелинде КР Жогорку Кеңешинин 377-VI номерлүү токтому менен 2018-2022-жылдарга карата “Биримдик, ишеним жана жаратмандык” өнүктүрүү программасын кабыл алган.

24. **Инновациялык өнүгүүгө көмөк көрсөтө турган инфраструктура** Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2017-жылдын 7-сентябрындагы № 609 буйругу менен бекитилген, КР Өкмөтүнүн «Жаңы доорго кырк кадам» программасын ишке ашыруу боюнча КР Өкмөтүнүн эң биринчи кезекте аткарыла турган иш планынын алкагында 56 иш-чара каралган. Ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн көтөрүү, жаңы жумушчу орундарын түзүү, экспорттун көлөмүн жогорулатуу, салыктын түшүүсүн арттыруу жана жаңы технологияларды тартуу максатында экспортко багыт алган ишканаларды каржылоо боюнча долбоор ишке ашырыла баштады. 10% өлчөмүндөгү пайыздык ченди субсидиялоо үчүн республикалык бюджеттен 350 млн сом бөлүү чечилген. 2017-жылдын 20-декабрына карата экспортко багыт алган ишканалар коммерциялык банктар аркылуу 700 млн сом өлчөмүндөгү жеңилдетилген насыя ала алышты. Ошондой эле 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан КР Өкмөтүнүн № 602 токтому менен 2017-ж. 22-сентябрда кабыл алынган КР Өкмөтүнүн «Жаңы доорго кырк кадам» программасын ишке ашыруу боюнча КР Өкмөтүнүн алдыдагы 100 күнгө карата аткарылчу иш-чаралардын планы иштелип чыгып, кабыл алынган. Бул планга 115 иш-чараны камтыган 8 приоритеттүү багыт киргизилген. КРдеги ишкерлер үчүн атайын «Бишкек» ЭЭА (СЭЗ), «Нарын» ЭЭА түзүлгөн.

25. **Инновациялык чөйрөнү өнүктүрүү программалары жана иш-чаралары.** Бүгүнкү күндөгү өнүгүү баскычында өлкөнүн мамлекеттер аралык мамилелер тутумундагы ролу жана орду, экономикасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жана улуттук коопсуздук көп учурда өлкөнүн инновациялык өнүгүү деңгээлинен көз каранды болуп калат. Ошондуктан Кыргыз Республикасында инновациялык системаны, интеллектуалдык менчик рыногун (ИМ) калыптандыруу өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарынын бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы № 11 Жарлыгы менен бекитилген, КРди 2013-2017-жылдар аралыгында туруктуу өнүктүрүү улуттук стратегиясында приоритеттүү багыттардын бири катарында инновацияларды киргизүүнүн негизинде өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруу белгиленген. КР Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 9-ноябрындагы № 1053-VI токтому менен

бекитилген КР Өкмөтүнүн «Ишеним жана биримдик» программасында: «Экономиканы модернизациялоо техникалык жактан кайра жабдууну жана экономиканын келечектүү багыттарына заманбап технологияларды киргизүүнү талап кылат. Кыргыз Республикасынын экономикасы фискалдык, административдик жана мыйзамдык ченемдер менен алдыга сүрөлүшү керек болгон жаңы технологиялар жана инновациялар үчүн ачык»,- деп жазылат. Мунун бардыгы акырындык менен өлкөдөгү инвестициялык ишмердүүлүккө, анын ичинде инновациялык чөйрөнүн өнүгүшүнө жагымдуу шарттар түзүлө баштаганын далилдеп турат. Кыргыз Республикасынын гидроэнергетиканы өнүктүрүүгө чоң дарамети бар. Бул дарамет ИМге негизделген жаңы энерготехнологияларды, өзгөчө КРнын гидроэлектрстанциялар тармагын өнүктүрүү үчүн жаңы технологияларды тартууга жана жаратууга мүмкүнчүлүк берет.

26. **Инновациялык ишмердүүлүктү мамлекеттик каржылоонун булактары, көлөмдөрү жана механизмдери.** Республика боюнча технологиялык инновацияларга жумшалган жалпы чыгымдардын 70,4% ишканалардын өз каражаттары, 11,5% чет элдик инвестициялар, 18,1% каржылоонун башка булактары түзөт. Тамак-аш чыгаруучу ишканалардын өз чыгымдары 78,5%, чет элдик инвестициялар 20,6%, каржылоонун башка булактары 0,9% түздү. Республиканын ишканаларында технологиялык инновацияларга кеткен чыгым 2009-жылы, негизинен, машиналарды жана жабдууларды сатып алууга жумшалып, жалпы чыгымдын 85,4% түзгөн. Мындан сырткары, инновацияларды киргизүү үчүн өндүрүштү, өндүрүштүк долбоорлорду даярдоого кеткен чыгымдар болгону 3,5%, технологиялык инновацияларга кеткен башка чыгымдар 7,8% түздү. Республиканын ишканалары көбүнесе трансфер технологияларга багытталып, «ноу-хау» сыяктуу продукцияларды чыгарышпайт. Мындай кендерди иштетүүдө жаңы технологияларды киргизүү зарылдыгы бул тармакта ойлоп табуучулук жана инновациялык ишмердүүлүктүн активдешүүсүнө түрткү бериши мүмкүн. Кыргыз Республикасы айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу климаттык шарттарга ээ. Үрөн өстүрүүнү, жер иштетүүнү, өсүмдүк өстүрүүнү жана айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнү өнүктүрүү үчүн ИМдин жаңы объектилерин түзүү жана киргизүү иши ички жана тышкы рыноктордо атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны өндүрүүнүн көлөмүн көтөрүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берет. Ошентип, техникалык прогресс тездетилип, техникалык инновациялар менен алмашуунун эл аралык процедурасы жөнөкөйлөштүрүлөт. КРдин Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы

боюнча, 2010-2017-жылдар аралыгында инновациялык ишмердүүлүккө салынган инвестициялардын көлөмү 2,5 млрд жакын сомду түзгөн.

27. **Айрым технологиялык багыттардын өнүгүүсүнүн учурдагы абалы.** 2017-жылы текшерилген ишканалар тарабынан 1243,7 млн сомго бааланган инновациялык продукция жүктөлүп жөнөтүлгөн, же болбосо бул жөнөтүлгөн жалпы продукциянын 1,2% түзгөн (2013-ж. – 1,6%, 2014-ж. – 0,4 %, 2015-ж. - 1,5%, 2016-ж. – 3,0%). Муну менен катар, кайра киргизилген же олуттуу технологиялык өзгөртүүлөргө дуушар болгон продукциянын наркы 1239,5 млн сомду (инновациялык продукциянын жалпы көлөмүнүн 99,7%), ал эми башка инновациялык продукция наркы 4,2 млн сомду (0,3%) түзгөн. Өнөр жайдагы технологиялык инновацияларга кетүүчү чыгымдарды ата мекендик экономиканын негизги өндүрүш фонддорун жаңыртуу үчүн жана принципалдуу түрдө жаңы, атаандаштыкка туруктуу продукциянын өндүрүшүн кеңейтүү үчүн талап кылынуучу реалдуу муктаждыктар менен салыштырып болбойт. 2017-жылы технологиялык инновацияларга жумшалган чыгымдар 2437,0 млн сомду түзгөн. Инновациялык ишмердүүлүктүн жаңы нерселерди киргизүүгө, заманбап технологияларга ээ болууга түздөн-түз байланышкан түрлөрүнүн өсүү темпи байкалат. 2017-жылы машиналарды жана жабдууларды алууга 9 ишкананын мүмкүнчүлүгү болуп, алар жумшаган чыгымдар 1186,2 млн сом болгон (технологиялык инновацияларга кеткен жалпы чыгымдын 82,5%). Жаңы технологияларды 11 ишкана 20 млн сомго алышты. Изилдөө иштерине жана иштеп чыгууга эки ишкана 200,4 млн сом коротушту. Технологиялык, маркетингдик жана уюштуруу инновацияларына кеткен чыгымдын жалпы суммасынын болгону 6,5% ишканалардын өз каражаттары түздү, чет элдик инвестициялар - 17,8%, каржылоонун башка булактары – 75,7% түздү. Жогоруда баяндалгандардан улам, республиканын ишканаларынын инновацияларды киргизүү деңгээли өтө төмөн бойдон калып, техника жана технология түрүндөгү чет элдик импорттон көз каранды болуп келе жаткандыгын белгилей кетишибиз керек.

## Түркиядагы инновациялык ишкердик

28. Өлкөнүн экономикасынын ийгиликтүү өнүгүшүнүн бирден бир көрсөткүчү болуп экономикалык прогресстин жогорку темптери саналат. Практика жүзүндө бул инновациялык ишмердүүүктүн интенсивдүүлүгүн жогорулатуу менен экономикалык өсүшкө түрткү берүүнүн ортосундагы тикелей

байланыш менен аныкталат. 2016-жылы Түркия статистикасы боюнча Түркиянын тарыхында биринчи жолу издеп табуучулукка жана инновациялык изилдөөлөргө жумшалган чыгымдар өлкөнүн ИДПсынан 1,5% ашып кеткен. Түркиянын мамлекеттик бийлигинин инновациялык саясаттын приоритеттүү багыттарын аныктоочу негизги органы болуп Өнөр жай, илим жана технологиялар министрлиги саналат. Түркиянын илимий-технологиялык изилдөөлөр боюнча министрликке караштуу агенттиги (ТЮБИТАК) 1963-ж. эле негизделип, Түркия Республикасынын инновациялык саясатты өнүктүрүү жаатында аткаруу бийлигинин негизги органы болуп саналат. «ТЮБИТАКтын» негизги максаты илимдин жана алдыңкы технологиялардын өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү, инновациялык жана изилдөө иштерине, ошондой эле Түркиядагы жаш изилдөөчүлөргө колдоо көрсөтүү.

29. Инновациялык ишмердүүлүктү колдоо чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук база ИИТКИни колдоо тууралуу № 5746 мыйзамдан, 2011-2016-жылдар аралыгында илимди, технологияларды жана инновацияларды өнүктүрүү стратегиясынан, энергетика чөйрөсүндөгү ИИТКИ жана инновациялар улуттук стратегиясынан, суу ресурстары чөйрөсүндөгү ИИТКИ жана инновациялар улуттук стратегиясынан, тамак-аш чөйрөсүндөгү ИИТКИ жана инновациялар улуттук стратегиясынан 2011-2016-жылдары илим жана технологиялар жаатындагы адам ресурстары улуттук стратегиясынан, «Технологиялык өнүктүрүү зоналары тууралуу» (ТӨЗ) №4691 мыйзамынан турат. Бул мыйзамга эки ирет түзөтүүлөр киргизилген: 2004-жылы - № 5035 (ИИТКИни алпаруучу коммерциялык жана коммерциялык эмес ишканаларга мамлекеттик колдоо көрсөтүү чаралары тууралуу); 2005-жылы - № 5281 мыйзамы (ИИТКИни алпаруучу ишканаларга салык салууну өзгөртүү). Түркияда ТӨЗ (Технологиялык өнүктүрүү зоналары) түзүү эрежелерине жана анын ишмердүүлүгүнө байланыштуу укуктук базаны өркүндөтүү иштери дайыма жүрүп тургандыгын белгилей кетишибиз керек. Маселен, технологиялык өнүктүрүү зоналарын – технопарктарды түзүүгө байланыштуу № 28939 негизги эрежелер түрмөгү мыйзамдуу күчүнө кирди. Түркиянын бардык жааттарда өнүгүүсүнө, анын ичинде инновациялык жактан өнүгүүсүнө негиз салуучу стратегия болуп Түркия Республикасынын жүз жылдыгына арналган «Визьон-1023» стратегиясы саналат.

30. **Инновациялык өнүгүүгө көмөк көрсөтүүчү инфраструктура.** Түркия Республикасы өлкөнүн инновациялык өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүчү инфраструктураны түзүүгө өзгөчө көңүл бөлөт. Түркия өкмөтү өлкөнүн

инновациялык экономикасы өнүккөн моделин түзүү мамлекетти өнүктүрүүнүн бирден бир приоритети деп эсептейт. Бул пландарды ишке ашыруу максатында Түркиянын Улуу Улуттук Жыйыны 2001-жылдын 26-июнунда «Технологиялык өнүктүрүү зоналары тууралуу (ТӨЗ)» №4691 мыйззамын кабыл алган. Булар - илимий -изилдөө ишмердүүлүгүн колдоо жана өнөр жайдын жогорку технологиялуу тармактарына инвестицияларды тартуу үчүн атайын түзүлгөн зоналар. Өзгөчө ТӨЗ (технопарк) катары өз ичине илимий-изиллдөө институттарын, индустрия объектилерин, ишкер борборлорун, көргөзмө аянтчаларын, окуу мекемелерин, ошондой эле кызмат көрсөтүүчү объектилерди: транспорт каражаттарын, подъезд жолдорун, кайтаруу кызматын камтыган мүлктүк комплекс саналат. Түркияда технопарктар илимий-изилдөө ишмердигин колдоо жана жогорку технологиялуу тармактарга инвестицияларды тартуу үчүн түзүлөт. Учурда өлкөдө жогорку окуу жайларынын жана ири өнөр жай ишканаларынын базасында иштеп жатышкан 53 технопарк (39 иштеп жатат, 14 инвестиция тартуу жана курулуш тепкичинде) жана 142 изилдөө борбору бар. Мындай зоналардын алтоо Анкарада, бешөө Стамбулда, төртөө Кожаэлиде, үчөө Измирде. Стамбулдун чет жагында – «Гебзе» өнөр жай зонасында сүйлөшүү аянтчасы жайгашып, анда Түркиянын «ТЮБИТАК» ж.б. кызыкдар мекемелери түрк жана европалык окумуштуулардын катышуусу менен илимий маселелер боюнча конференцияларды, семинарларды өткөзүп турушат.

31. **Инновациялык чөйрөнү өнүктүрүү программалары жана иш-чаралары.** Түркиянын инновациялык чөйрөсүн өнүктүрүү программасынын алкагында Нанотехнологияларды изилдөө улуттук борбору түзүлүп, анда наноэлектроника, нанофотоника, нанотекстиль, жогорку ылдамдыктагы лазерлер жана спектографтар, наномагниттик сенсорлор жана нанометрикалык шкала приборлору жаатында изилдөөлөр жүргүзүлөт. Түркияда инновацялык өнүктүрүү жаатында менчик-мамлекеттик өнөктөштүк кеңири жайылганын белгилей кетишибиз керек. Маселен, Түркиянын «Сабанджи холдинг» деген ири финансылык-өнөр жай группасы Түркия Республикасынын Мамлекеттик пландоо уюму менен биргеликте «Сабанджи» университетинин алдында Нанотехнологиялар борборун түзгөн. Бул борбордо биотехнологиялар жана биоинженерия, IT-технологиялар, электроникадагы инжиниринг, мехатроника жана робототехника жаатында изилдөөлөр жүргүзүлөт. Жакынкы келечекте катуу жана антифрикциялык жабдуулар темалары боюнча, нанобиотехнологиялар, наноөткөргүчтөр, кванттык

өткөргүчтүк, нанокристаллдар боюнча изилдөөлөр жүргүзүлө тургандыгы мерчемделүүдө. «ТЮБИТАК» алдындагы «Мармара» изилдөө борбору инновациялык иштелмелердин ири борбору катары саналып, ага Энергетика институту, Гендик инженерия жана биотехнология институту, Тамак-аш институту, Химия институту, Жерди изилдөө институту кирет. Стамбул университети жана Стамбул техникалык университети, ошондой эле бир катар европалык жана америкалык ИИИ менен университеттери «Мармара» Изилдөө борборунун негизги өнөктөштөрү болуп саналышат.

32. **Инновациялык ишмердүүлүктү каржылоонун булактары, көлөмдөрү жана механизмдери.** ИИТКИ тууралуу мыйзамга ылайык, эгерде илим-изилдөө борборундагы кызматкерлердин саны 50 адамдан кем эмес болсо, мамлекет Түркиядагы илим изилдөө долбоорлоруна өзгөчө колдоо көрсөтөт. Жаңы мыйзамда каралган жоболор 2024-жылга чейин күчүндө болуп, төмөнкүлөрдү ичине камтыйт: 1. Эгер адистердин саны 500дөн ашып кетсе, изилдөөлөргө жана иштелмелерге салыктын базасынан кетүүчү чыгымдарды толугу менен чыгарып таштоо. Мындан сырткары, үстүдөгү отчеттук жылдын тийиштүү чыгымдарынын өткөн жылдагыга салыштырмалуу көбөйүп кеткен суммасынын жарымы да толугу менен компенсацияланат. 2. Жумушчуларды киреше салыгынан бошотуу (бул жобо 2023-жылдын 31-декабрына чейин иштейт). 3. Жумушчулардын социалдык камсыздоо боюнча төлөмдөрүн 5 жылдык мөөнөткө чейин 50% дотациялоо. 4. Тийиштүү документацияны тариздегенден кийин мамлекеттик салыктарды төлөөдөн бошотуу. 5. Өлкөгө келген окумуштууларга изилдөөлөр жана иштелмелер үчүн 100 000 түрк лирасы өлчөмүндө баштапкы капитал берүү. Жергиликтүү жана чет элдик компаниялардын ТӨЗгө катышуусунун артыкчылыктарын да белгилей кетишибиз керек: 1. Программалык камсыздоону (ПК) иштеп чыгуудан жана башка изилдөөлөрдөн түшкөн пайда 2023-жылдын 31-декабрына чейин киреше салыгынан жана корпорацияга салынган салыктан бошотулат. 2. Технологиялык өнүктүрүү зоналарында гана чыгарылган прикладдык программалык камсыздоону сатуудан түшкөн пайда 2023-жылдын 31-декабрына чейин КНСтен бошотулат. Буга маалыматтарды башкаруу үчүн программалык камсыздоо, ишмердүүлүктүн ар кыл чөйрөлөрүндөгү коммерциялык милдеттерди чечүү үчүн тиркемелер, Интернет, мобилдик телефондор, ошондой эле ыкчам башкаруучу аскердик системалар кирет. 3. 2023-жылдын 31-декабрына чейин ИИТКИ чөйрөсүндөгү кызматкерлердин жана технологиялык зонада иштеген тейлөөчү персоналдын айлык маянасы бардык салыктардан бошотулат. Салыктан бошотулган тейлөөчү персоналдын

саны ИИТКИ чөйрөсүндө иштеген кызматкерлердин жалпы санынын 10% ашпоосу керек. 4. Социалдык камсыздоо боюнча төлөмдөрдүн 50% кызматкерлерге Түркиянын өкмөтү тарабынан 2023-жылга чейин беш жыл бою төлөнөт. Түркияда, мындан тышкары, инновациялык ишмердүүлүктү каржылоо боюнча бир катар мамлекеттик программалар иштейт: «Өнөр жай тезистеринин» программасы (SANTEZ) – жаңы технологиялардын киришин тикелей финансылык колдоо, өндүрүш процесстерин өнүктүрүү, продукциянын сапатын жакшыртуу жана жаратылышты коргоочу иш-чаралар университеттер менен кызматташтыкта ишке ашырылат: - долбоордук бюджеттин 75% чейинкиси тикелей грант түрүндө берилет; долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 3 жыллды түзөт, бул мөөнөт 6 айга узартылышы мүмкүн; - лабораториялык изилдөөлөргө, материалдарды жана жабдууларды сатып алуу үчүн каржы бөлүү. Технологияларды өнүктүрүү долбоорлоруна зайымдар. Түркиянын технологиялык өнүктүрүү уюму (TTGV) технологияларды өнүктүрүүгө, кайра калыбына келүүчү энергияны өндүрүүгө, энергияны пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуучу долбоорлорго жана экологиялык кесепеттерди азайтууга пайызы жок узак мөөнөттүү зайымдарды берет.

33. Айрым технологиялык багыттардын өнүгүүсүнүн учурдагы абалы. Түркиядагы 2016-жылкы айрым технологиялык багыттардын арасынан төмөнкүнү бөлүп көрсөтүүгө болот: Кибернетика жана маалыматты коргоо боюнча изилдөө борбору (ТЮБИТАК БИЛГЕМ) түрк министрликтеринин жана ведомстволорунун, ошондой эле чет элдик буюртма берүүчүлөрдүн буюртмасы менен 31 изилдөө долбоору жана 237 долбоор боюнча жумуш аткарды. Маанилүү делген долбоорлордун арасынан Түркия жаранынын Түркия боюнча бирдиктүү электрондук картасын түзүү боюнча жумуштардын аяктагандыгын белгилөө зарыл. Бул иштин аркасында 12ден ашык улуттук патент каттоого алынган. «Мармара» изилдөө борбору үстүбүздөгү жылы биотехнологиялар жана таштандыларды керекке жаратуу (утилизациялоо) долбоорлоруна өзгөчө көңүл бурду. Өнөр жайда био отунду пайдалануу, 2020-ж. карата Түркияда электр менен жүргөн биринчи автомобилди иштеп чыгуу боюнча программалардын, суюк отундун ар кандай түрлөрүн изилдөө жана аны өндүрүү боюнча долбоордун, өзүлөрүнүн иштеп чыгууларынын жана жетишкендиктеринин негизинде түрк гидроэлектростанциясын куруу боюнча Е 1000 долбоорунун алкагында 228ден ашык долбоор ишке ашырылган.

## III КОРУТУНДУ

34. Ошентип, биздин оюбуз боюнча, инвестициялык жана инновациялык чараларды төмөнкү багыттар боюнча ишке ашыруу керек: капиталдын агымын жана иштөө шарттарын жөнгө салуу боюнча ченемдик-укуктук базаны бир кыйла либералдаштыруу; инвестициялык жагымдуу климатты түзүү; инфраструктураны, финансы рыногунун инвестициялык тейлөөчү сегментин калыпка салуу; институционалдык инвесторлордун преференцияларын аныктоо. ТҮРКПА өлкөлөрүнүн инвестициялык климатын жакшыртуу жана бул өлкөлөрдүн экономикасына тикелей инвестиция тартуу үчүн бул маселени иш жүзүндө комплекстүү чечүүгө мүмкүнчүлүк бере турган «ТҮРКПА өлкөлөрүнүн инвестициялык мүмкүнчүлүктөрү тууралуу» парламент аралык макулдашууну иштеп чыгып, бекитүү зарыл. Бул Макулдашуунун контекстинде инвестициялык рыноктун ички инвестициялар, портфелдик инвестициялар, тышкы инвестициялар (чет өлкөлүк инвестициялар) инновациялык багытталыштагы реинвестициялар сыяктуу сегменттеринин мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу зарыл.

35. Инвестициялык жана инновациялык ишмердүүлүккө стимул берүү системасы мамлекеттин экономика жаатындагы эки бирдей маселесин чечүүгө шарт түзөт: инновацияларды колдонууну жалпысынан активдештирет, улуттук экономикалардын тамак-аш, текстиль, кайра иштетүүчү өнөр жай сыяктуу атаандаш болууга жөндөмдүү секторлорунун кайра түзүлүүсүн жана жогорулоосун тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу жолдору менен камсыздайт.

36. Финансылык инфраструктураларды, инвестициялык чөйрөгө ички ресурстарды, калктын топтогон каражатын тартуунун формаларын жана методдорун өнүктүрүү зарыл. Инвестициялык ишмердүүлүктү жандандыруу үчүн мамлекеттин катышуусу менен компаниялардын акцияларынын облигацияларын жана эмиссияларын чыгаруу жолу менен ички ресурстарды аккумуляциялоо зарыл.

37. Демек, инвестициялык жана инновациялык чөйрөлөргө жагымдуу шарттардын түзүлүшү менен бирге өлкөлөрдүн экономикаларына жогорку технологиялуу жаңы өндүрүштөр келет; негизги фонддор модернизацияланат; кошумча жумушчу орундары түзүлөт; менеджмент, маркетинг, ноу-хау жааттарында алдыңкы жетишкендиктер орун алат; ички рынок жогорку сапаттуу товарларга толот; продукциянын экспорту жогорулайт.